КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Б.Осмонов атынд.
ЖАМУнун Окумуштуулар
кенешинде каралды жана
бекитилди
Протокол № 5
« 31 » 01. 2025

БЕКИТЕМ
ЖАМУнун ректору,
профессор
_____________ Усенов К.Ж.
«______»

# Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН БҮРҮРҮҮЧҮЛӨР АССОЦИАЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ

## ЖОБОСУ

1. ***Жалпы жоболор***

1.1. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекетиик университетинин (мындан ары Университет, ЖАМУ) Бүтүрүүчүлөр ассоциациясы ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн ыктыярдуу бирикмеси болуп эсептелет.

1.2. Ассоциациянын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына, ЖАМУнун уставына, ушул Жобого негизделип ишке ашырылат жана жалпы кабыл алынган эл аралык принциптерге, нормаларга жана стандарттарга, ушул Жобого таянат.

1.3. Ассоциация Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ректордун буйругу менен Карьераны өнүктүрүү жана өндүрүштүк практиканы уюштуруу бөлүмүнүн (мындан ары Бөлүм) астында уюштурулат.

1.4. Ассоциациянын уюштурулган жери: Жалал-Абад шаары, Розы Азимов көчөсү 49.

2. **Ассоциациянын максаты жана милдеттери.**

**Ассоциациянын максаттары жана милдеттери төмөндөгүдөй:**

- кесиптик биримдикти түзүү, тажрыйба алмашуу, Ассоциациянын мүчөлөрүнүн чыгармачыл жана илимий потенциалын ишке ашыруу максатында ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүн бириктирүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;
- Университеттин студенттеринин, профессордук-окутуучулук курамынын жана кызматкерлеринин муундарынын ортосунда үзгүлтүксүз карым-катнашты түзүүгө аракеттенүү;
- ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн жолугушууларын жана өз ара баарлашууларын уюштуруу боюнча иштерди аткаруу;
- ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрү, алардык кесиптик кызыкчылыктары жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтар базасын түзүү, үзгүлтүксүз толуктап туруу жана Ассоциациянын мүчөлөрү тарабынан колдонууга шарт түзүү;
- студенттердин кесиптик даярдыгына, анын ичинде тарбиялык иштерде көмөк көрсөтүү (тегерек столдорду, кечелерди, практикаларды, стажировкаларды уюштуруу), ошондой эле кызыкчылыктары туура келген студенттердин клубдарынын ишмердүүлүгүнө, коллективдердин чыгармачыл өнүгүшүнө жардам көрсөтүү;
- жаштарды кесипке багыттоо жумуштарында көмөктөшүү, ЖАМУга студенттерди кабыл алууну уюштурууда, Университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн ишке жайгашуусунда жардамдашуу көрсөтү;
- социалдык өнөктөштүктү түзүүдө, ЖАМУнун жана ишкер чөйрөлөрдүн, бийликтин жергиликтүү органдарынын, билим берүү мекемелеринин, коомдук уюмдардын ич ара кызыкчылыктарын макулдашууда жана ишке ашырууда көмөктөшүү;
- ЖАМУнун материалдык-техникалык базасын чыңдоого жардам көрсөтүү;
- таланттуу жана активдүү студенттерине ар түрдүү формадагы жеке стипендияларды, сыйлыктарды ыйгаруу;
- бүтүрүүчүлөргө ЖАМУ жөнүндө жаңылыктарды жана актуалдуу маалыматтарды жеткирүү;
- бүтүрүүчүлөрдүн ЖАМУдан алган билимине канааттангандыгын аныктоого багытталган изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- Кыргызстанда, андан сырткары жерлерде Университеттин брендин калыптандыруу жана алдыга жылдыруу боюнча көмөктөшүү.

3. **Укуктары**

**Ассоциациянын мүчөлөрү төмөндөгү укуктарга ээ:**

- Ассоциацияны башкарууга, анын перспективдүү жана учурдук пландарын иштеп чыгууда жана Ассоциациянын Кеңешине тандоого жана тандалууга катышууга;
- Ассоциациянын маалыматтарын жана методикалык материалдарын, Кеңештин чечимдери жана пландаштырылган иш-чаралары жөнүндө маалыматтарды алууга;

- Ассоциациянын ишмердүүлүгүн ишке ашырууда консультативдик жана башка жардамдарды көрсөтүүгө..

4. **Ассоциации мүчөлөрү милдеттүү:**

- Ассоциациянын алдында турган маселелерди чечүүгө активдүү катышууга;
- Ассоциациянын кенешинин чечими менен уюштурулган иш-чараларга активдүү катышууга;
- Ассоциация жетекчилигине өзүнүн телефону, дареги, жумуш орду, кызматы жөнүндө маалыматтардын өзгөргөндүгү жөнүндө өз учурунда кабарлоого;
- Ассоциациянын ишине жеринен жардам көрсөтүүгө.

5. **Ассоциациянын президенти**

- Бөлүм менен биргеликте Ассоциациянын перспективдүү жана жылдык иш пландарын түзөт;
- Бөлүм жана кафедралар менен биргеликте Ассоциациянын ишин уюштурат; бүтүрүүчүлөрдүн жеке маалыматтарын тактайт, алар менен кайтарым байланыштарды түзөт;
- Университеттин бүтүрүүчүлөр менен ич аракеттерин натыйжалуу ишке ашыруу максатында санариптик платформаларды түзөт;
- кафедралар жана бөлүм менен биргеликте бүтүрүүчүлөрдүн катарын толуктайт;
- 2 пунктка ылайык иш-чараларды уюштурат;
- Бөлүм менен биргеликте Ассоциациянын мүчөлөрүнөн Бүтүрүүчүлөр Кеңешин түзөт.

6. **Структура жана башкаруу.**

6.1. Ассоциациянын ишмердүүлүгүнө жалпы башкарууну курамы ар түрдүү жылдардагы бүтүрүүчүлөрдүн өкүлдөрүнөн турган ЖАМУнун Бүтүрүүчүлөр кеңеши ишке ашырат.

6.2. Кеңештин ишмердүүлүгүн түздөн түз башкарууну Кеңештин жалпы мүчөлөрүнүн ичинен эң көп добушка ээ болуп шайланган Предидент ишке ашырат.

6.3. Ассоциациянын ишмердүүлүгүн текшерүүнү жана байкоону карьераны өнүктүрүү жана өндүрүштүк практиканы уюштуруу бөлүмү ишке ашырат.

6.4. Кеңештин мүчөлүгүнө кабыл алуу бүтүрүүчүлөрдүн жалпы отурумунда бүтүрүүчүнүн жеке арызынын негизинде жүргүзүлөт.

7. **Ассоциацияга мүчөлүк.**

7.1. Ассоциациянын мүчөсү болуп ЖАМУнун бардык бүтүрүүчүлөрү, ППС боло алат.

7.2. Ассоциацияга мүчөлүккө кабыл алуу жеке арыздын негизинде жүргүзүлөт. (Тиркеме 1).

Тиркеме 1.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын Президенти К.Т.Тынымбековага
ЖАМУнун бүтүрүүчүсүнөн

Арыз.

Мен ЖАМУнун __________ багытынын (адистигинин) _______________профилин ийгиликтүү аяктагамын. Учурда ________________ (шаар / район) _____________(мамлекеттик уюм же жеке сектор) ________________ (кызматы) эмгектенем.

ЖАМУнун Бүтүрүүчүлөр ассоциациясына мүчөлүккө кабыл алууңузду суранам. ЖАМУнун бүтүрүүчүлөр ассоциациясы жөнүндө жобосунун бардык талаптарын аткарууга макулмун.

_______________________________________________________________

(колу, фамилиясы, аты-жөнү.)